УДК1+316.75

Сооронбаева Ч.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ИДЕОЛОГИЯ ТҮШҮНҮГҮНҮН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

*Бул макалада идеология тууралуу киришүү түрүндө баяндадык. Анда идеология жөнүндө айтылган көз караштарды белгилеп, жалпы кыскача түшүнүк берилди.*

Өнүккөн күчтүү мамлекеттерди карабайлы, алар кен байлыгы же өндүрүшү менен кошо илими менен билими жагынан да күчтүү болот. Азыркы мобилдүү демократиялуу коомдо жашоонун өзөгүн билим менен идеологиянын баалуулуктары түзүп турат. Субьект дүйнөгө болгон көз карашына жараша жашоону, дүйнөнү кабыл алат. Коомдун өзү бузулуп, түзүлүшү ажырымга туш болбосун десек, анда идеологиялык түзүлүш да кынтыксыз болушу керек. Күчтүү идеологиялык көз караштарды карасак, улуу кытай элинин Конфуцийдин идеологиясын бийик тутушу, анын баалуулугу менен акыйкаттуулугуна баш ийишкенинде жатса керек. Алгач идеологиялык окуулар жаралып, анын баалуулуктары менен билимдерине жараша жаңы коомдун жаңы социалдык баалуулуктары белгиленет. Мисалы, социалисттик мамлекеттердеги цивилизация коммунисттик идеологиянын астында өнүксө, Батыш цивилизациясы либералист-демократтардын идеологиясына таянып, неолиберализм, неоконсервантизм, неосоциал-демократтар жаңыча трансформацияланышкан. Экологиялык, экономикалык катаклизмага туш болуп, саясий тараптан да рухий кризис каптап, бир багыттуу материалдык байлыкка басым жасап калганда, адамдын көз карашы кайра жаратуучу жаңылык идеологияны жарата алабы?

Идеология тууралуу тарыхты барактасак, байыркы Кытай цивилизациясындагы Конфуцийдин гуманисттик көз караштары барк-баасын жоготкон жок.

Антикалык дүйнөнүн философтору Аристотель, Платон, Сократ дагы нравалык идеологияларды туу тутушкан. Орто кылымдын өзүндө эле христиандык гуманизм менен ислам цивилизациясынын улуу идеяларынын даанышмандыктары кашкайып турат.

Кайра Жаралуу доорунда гуманизм өзгөчө жаркыраган жылдыздай жанып, Дж.Бруно, Н.Кузанский, П.Мирандола ж.б. адамга карата адеп-ахлактык, тазалык, билимдүүлүк менен илимий ачылыштарды баса белгилешкен. Ушул доордон баштап сабатсыздыкты жоюу менен агартуучулук доордогу рационалисттик идеялар калыптанган. Адамга зарыл болгон акыл-эс менен кошо адамдык улуулукту изилдеген немецик философтор И.Кант, Г.Гегель, Г.Лейбниц өмүрлөрү өткүчө кызыгуу менен тереңден карап келишкен.

Заманбап мезгилде идеология экзистенциалисттик, феноменологиялык, герменевтикалык мектептерде иликтенип, Ж.Сартр, М.Хайдеггер, К.Ясперс, Г.Гадамер ж.б. «жаңы идеологиялык» багыттарды сциентисттик мааниде колдонушкан.

Идеологияны, айрыкча, социалдык-философиялык жактан анын калыптануусу, өнүгүүсү же кыйроосу тууралуу идеолог К.Манхейм карап, анын маңызы жөнүндө Э.Дюркгейм, Т.Парсонс, Э.Фишер ж.б. позитивдүү да, негитивдүү да көз караштарын билдирген.

Мезгилдерди албайлы, ар бир коомдун идеологиясы өзүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө баш ийип, белгилүү процесс менен өнүгүп, диалектикалык жашоосун сүрөт.

Идеология коомдук аң-сезим катары рухий өндүрүш жана маданияттын жогорку катмары болуп саналат. Ал – системалардын, идеялардын, кызыкчылыктар жана көз караштардын биримдиги менен өз ара кыймылы. Дегеле, идеология терминин дайыма жашообузда колдонгонубуз менен, француз окумуштуусу Антуан Дестют де Трасси тарабынан негизделген идеология позитивдүү идеологдордун башын бириктирип, көз караштардын жыйындысына айланган. Идеология таанымдын, чындыктын адамдын практикалык кызыкчылыктарына багытталган, субьектилердин аң-сезимине таасирин тийгизген башкаруунун дагы бир формасына окшошуп да кетет. Айрым учурда индивиддердин ишенимге карата эркин да чындоонун бир жолу. Идеологиянын негизги ядросу катары идеялардын, бийлик субьектилеринин саясатта колдоно турган кармоочу, басып алуучу же колдоно турган каражаты эсептелинет. Идеологиянын өзүнүн табияты конфликтүүлүктү жаратса да, «жакшы – жаман» же «оң-терс», же «дос-кас» моделдеринде акыр аягында социалдык жактан бир топко биригүүгө чакырат.

Азыркы мезгилдин философиясында идеологиянын түрдүү концепциялары социалдык, психологиялык, структуралык, постструктуралык, позитивдик ж.б. түрлөрү да бар. Ар бир идеологиянын концепциясы өзүнө тиешелүү критерийлери менен таанымга, субьектилерге жана топторго, бийликке, аң-сезимге рационалдуу түрдө таасирин тийгизет. Коомдогу социалдык кыймылдарга жана идеологиялык түшүнүктөрдү иштеп чыккан аппаратка кызыкчылыгын калыптандырат жана өнүктүрөт. Идеологиянын элементтери болуп саяий теориялар жана саясий идеялар, баалуулуктар, программалар жана символдор эсептелинет.

Саясий тенденцияларга жана процесстерге баалуулук мамилелерин, саясий күчтөрдү жана кызыкчылыктарды, социалдык кыймылдарды баалап, бириктирген билимдери менен идеология башка көз караштардан айырмаланып турат.

Дж.Локк сенсуалисттик гносеологияда сезимдик тажрыйбадан келип чыккан идеялардын мыйзам ченемдүүлүктөрү, идея тууралуу окууларды идеология деп атаган. Мындай көз караш социалдык жашоодогу негизги принцип болгон. Өз мезгилинде М.Шеллер, К.Манхеймдин көз караштарында бийликке карата индивиддин эрктүү түрдө умтулуусун трактовкалашкан. Социалдык кыймылдар менен факторлордон тургандын өзүн да идеология деп М.Хоркхеймер атаса, бийлик жүргүзүүнүн механизми катарында Ч.Миллс эсептеген.

Айрым окумуштуулар идеологияны өзүнчө илим деп эсептешип, анын толук түзүлүшүн, функциясын, обьектиси менен предметин, эмпирикалык жактарын изилдешүүдө.

**Адабияттар:**

1. Бучило Н.Ф.,Исаев И.А. История  и философия науки. - М., 2012.
2. Идеологический плюрализм: видимость и суүность. -М., 1997.
3. Из истории мировой гуманистической мысли: Хрестоматия. -М., 1995.
4. Кохановский В.П. Основы философии науки. -Ростов, 2010.